83.. 
Н-37

ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ

# АЙДАЙ

## Эч ким мени оюнга кошпойт



avrasya Press

83/
А-3

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 37






# Эч ким мени оюнга кошпойт



Түзгөн: Нуршен Ширин
(Балдарды жана өспүрүмдөрдү
тарбиялоочу атайын адис)
Сүрөтчү: Неше Инан
Которгон: Канышай Эргашева
Редактор: Гедик Рахат
Корректор: Жыпара Ибраимова
Дизайнер: Насыпбек Асанбаев



Бул китеп төмөнкү түп нусканын негизинде
даярдалды:
Nurşen Şirin: Burcu
Timaş yayınları
Айдай /Түз. Н. Ширин; котор. К. Эргашева;
Сүрөтчүсү Н. Инан, -Б.: 2103 - 32 б.
ISBN 978-9967-453-81-4

© Avrasya Press

ISBN 978 9967453814
9789967453814- 5




Китеп ээси: ______________________

Кандай сонун китептерим бар...

АЛА-БУКА РАЙОНУН БКТ
БАЛДАР ...
Инв. № ____________
4 ш

A4803300100-13
ISBN 978-9967-453-81-4

У ДК 821.51-93
ББК 83.8

Айдай - көп нерсеге кызыккан, суроолорду берип, кайра аларга жооп алып, көп нерселерди үйрөнгөн акылдуу кыз. Кызыктуу окуялары менен силердин көңүлүңөрдү ачып, көп чечилбеген нерселериңерди чечүүгө жол көрсөтөт...


**«Эч ким мени оюнга кошпойт!» деген китепти окугандар өздөрү үчүн эмнелерди ала алышат**

- Сезимдерин билдире алууну жана көзөмөлдөөнү
- Өзүн башкара алууну
- Башкалардын сезимдерин байкай алууну
- Башкалар менен болгон мамилесин жөнгө салууну
- Сабырдуу болууну
- Кейгейлүү маселелерге туура чечим таба алууну
- Коомдук жашоонун кандай өтүп жаткандыгын андап биле алууну
- Достук мамилелерин түзө алууну
- Кыргыз тилин туура колдоно алууну
- Өзүнүн жакшы жагын көрсөтө алууну
- Сөз байлыгын өркүндөтүүнү
- Көркөм чыгармаларды окуй алууну



Ала-Букинск.
ЦБС
Инв. № ДО-3

Бул жер Тынчтык конушу деп аталат. Айдай менен үй-бүлөсү ушул жерде жашашат.



Айдай өзү жашаган конушту абдан жакшы көрөт. Анткени досторунун баардыгы бул жерде жашашат.

Бир күнү Айдай эртең менен эрте ойгонду. Акырын тыңшаса үйдүн ичи тып-тынч эле. **«Эч ким ойгоно элек экен»** деп ойлоду. Көздөрүн бекем жумуп алып, кайра уктоого аракет кылса да, эч уктай албай ары бери ооналактай берди.





Бир маалда ага бир ой келди!
Чокоюн кийип, тоту кушунун
жанына барды.

Ал уясында уктап жаткан экен. Айдай аны ойготкусу келип башынан сылады. Тоту куш көздөрүн ачып «криийК» деп үн чыгарды.

**- Чүшш! Акырын, баары уктап жатышат,**


- деди Айдай.





Тоту куш уясынан чыгып Айдайдын ийинине конду. Айдай акырын бутунун учу менен ашкананы көздөй басты. Ал тоту кушка:

– Жүрү кушум, үйдөгүлөргө сюрприз кылып эртең мененки тамакты даярдайбыз. Алар көрсө абдан кубанышат ээ? – деди. Тоту куш «сюрприз, «сюрприз, деп аны коштоп жатты.



Айдай дасторкон жайып, тамактарды үстөлдүн үстүнө жакшынакай кылып койду.

**- Мммммм!... Абдан даамдуу көрүнүп жатат,**

- деди Айдай тамактарды карап.

Тоту куш дагы **«даамдуу, даамдуу»** деп коштоду.

– Бир гана чай жана жумуртка жетпей жатат... Бирок аларды даярдоо үчүн апамды күтүшүбүз керек. Себеби газды жагуу биздин ишибиз эмес, – деди Айдай.

Үйдөгүлөр акырын тура башташты. Ашканага киргендин баары таң калып:

**«Бул кандай гана сонун сюрприз»**


деп жатышты. Бир гана Алтай мурдун чүйрүп:


– Мени эмнеге ойготподуң? Сюрпизди бирге даярдасак болмок! – деп, Айдайга кабагын салды.



Баардыгы чогуу дасторконго отуруп, кубануу менен тамактаныштты. Тамактанып бүтүшкөндөн кийин атасы балдарына маанилүү бир кабар айтып:

- Балдар, бул жерден көчүшүбүз керек, -деди.






Айдай абдан таң калып:

– Эмнеге? – деп сурады.

Атасы:

**– Үйдүн кожоюну үйдү бошоткула деп жатат,** – деди.

Айдай абдан капаланды. Үн катпастан дасторкондон туруп кетти.

Бөлмөсүнө кирип баратканда көздөрүнө жаш алып:


– Досторумдун баары бул жакта. Мен алардан кете албайм, – деп жатты.



Ыйлап жаткандыктан Айдай апасынын сөзүн уккан да жок.

Бөлмөсүнө барып, төшөгүнө чүмкөнүп, өкүрүп ыйлай баштады. Тоту куш болсо, «Жак, жак!» деп сайрап, аны күлдүрүүгө аракет кылса да эч пайдасы тийген жок. Бир аздан кийин атасы менен апасы Айдайдын жанына келип, апасы:

– Айдай, кулунум, билебиз, бул жерден көчөөрүбүзгө абдан капа болдуң. Бирок бул жакка каалаганда келсек болот. Сен каалашынча досторуң менен ойносоң болот, – деди.



Бул пикир Айдайды бир аз болсо да кубандырды, бирок баары бир:

– Көчүүдөн башка айлабыз жокпу? – деп сурады.

– Жок, садагам, – деп жооп берди атасы.

Көчүү даярдыгы башталды. Айдай менен Алтай буюмдарын жыйнап кутуларга салышты. Айдай оюнчуктарынын ичинен досторуна бирден белек даярдады. Андан кийин алар менен коштошуу үчүн короого чыкты.





Досторунун баары аны узатууга келишкен экен. Айдай көз жашын аарчып жатып:

**«Мени эч качан унутпагыла»**

деди аларга.

Көп өтпөй баардык буюмдар жүктөлдү. Кетүү убактысы да келип жетти. Айдай капалуу көз менен үйүн, короосун, көлөкөсүндө ойногон бактарды карады. Анан баарына карап: «Жакшы калгыла...» деди.






Алар жаңы үйүнө көчүп келишти. Алтай:

– Үйүбүздүн сонун багы бар экен, ээ? – деди Айдайга. Айдай дагы деле капаланып жаткан эле.

– **Жок, эч кандай сонун эмес,** – деди ал бултуңдап.



Бир - эки күндө жаңы үйгө жайланып бүтүштү. Айдай үйдө отуруп зэриге баштады. Ал күн бою бакчада жыргап ойноп жүрүшкөн балдарды карап отурду. Тоту куш:

**«Эшикке чыгалы. Ойнойлу»** деп, Айдайды тарткылап жатты. Бирок Айдай: **«Бир дагы досум жок!»** деп макул болбой койду.

Инв. №
Ала-Букинск
ИНВ. № 20-3

Алтай болсо тез эле жаңы досторду таап алганга үлгүргөн эле.

Бир күнү Алтай:

- **Айдаай, мен эшикке чыгып баратам. Сен дагы жүрү мени менен,** - деди.

Айдай:

- Менин чыккым келбей жатат, - деп, тескери карады.

Алтай: «Анда мейли» деп эшикке чыгып кетти. Айдай аны терезеден карап турду. «Кандай гана бактылуу көрүнүп жатат» деди өзүнчө. Анан: **«Мен дагы эшикке чыксамбы?»** деп ойлоп,эшикке чыгууну чечти.



Челеги менен күрөгүн алып бакчадагы кумга барды. Кумдан сарай кура баштады. Тоту куш дагы топуракты чачып, арасынан Айдайга кичинекей түстүү таштарды таап берип жатты.



Ошол убакта бир кыз алардын жанына келип:

- **Салам,** - деди.

Айдай башын көтөрүп кызды карап, бирок ага жооп берген жок. Кыз:

- **Абдан татынакай тоту кушуң бар экен, эркелетсем болобу?**

- деп сурады.

Айдай ичинен: «Бул менен дос боло албайм, менден бир топ кичинекей экен» - деп ойлоду. Бирок ага тоту кушун эркелетүүгө уруксат берди.



Айдай эртеси күнү дагы эшикке чыкты. Балдар бакчада үй жасап ойноп жатышкан экен. Алардын жанына барып, оюнга чакырууларын бир топко чейин күттү. Бирок эч ким аны байкаган да жок. Азыр мурунку жашаган жеринде болгондо достору менен кандай гана кызыктуу оюн ойношмок. Муну ойлогондо Айдайдын көздөрүнө жаш айланып кетти.



Бир маалда кыздар өз ара ким апасы болоорун сүйлөшүп калышты. Айдай күтүүсүздөн:

– Апасы болсом болобу? – деп сурады. Балдар аны угушкан жок. Бул жолу:

- **ЭЭЭЙ**, - деди **- Мен апасы болсом болобу?**

- деди чыдабай Айдай кайрадан.





Балдардын ичинен бирөө:

**- Биз сени таанымбайбыз да,**

- деди.

Айдай эмне дээрин билбей калды. Ошол маалда кечээки күнү аны менен сүйлөшкөн кичине кыз Айдайдын аркасында турган эле. Ал: **- Кааласаң экөөбүз ойнойлу,**

- деди. Бирок Айдай абдан капа болуп, унчукпастан ылдам басып үйүн көздөй жөнөдү.

Айдай бөлмөсүнө шолоктоп ыйлап кирээр замат, атасы аркасынан келип:

– Садагам, эмнеге ыйлап жатасың? – деп сурады.

**– Баары тең мени менен ойногусу келбей жатат, ата!**

– Баары теңби?

– Бир кичинекей кыздан башка баары...

– Аны менен эмнеге ойнобой жатасың?

**– Анткени ал кичине!**

– Мейли кичине болсун, балким аны абдан жакшы көрүп калаарсың. Бир аз убакыт өтсүн, көп досторуң болооруна ишенем, – деп атасы Айдайдын башынан сылады.



Эртеси күнү Айдай балдардын көңүлүн буруу үчүн оюнчуктарын эшикке алып чыкты. Бирок балдар оюнга катуу берилип кеткендиктен, Айдайды жана анын оюнчуктарын байкашкан да жок.





Айдай бакчага барып жалгыз отуруп калды. Ошол замат кичине кыз дагы жанына келди.

Бирге оюн ойнойлубу? – деди ал. Айдай«мейли» дегенсип башын ийкеди. Кыз жылмайып:

**– Менин атым Айжаз, сенин атың ким?** – деп сурады.

– Менин атым Айдай...

– Кааласаң экөөбүз жиптен секирип ойнойлу, – деди Айжаз. Анан түркүн түстүү жиптерди алып чыкты.




Айдай абдан сүйүнүп:

– Мен жип секирүүнү абдан жакшы көрөм, – деди.

"1, 2, 3" деп, экөө чогуу бирге жиптен секирип ойной башташты. Айдай ошол күнү абдан чарчады, бирок көңүлү ачылды.

Айдай Айжаз экөөнүн жаштары тең экенин билди. Айжаздын бою гана кичине көрүнөт эле.



Айдай көп өтпөй башка балдар менен дагы достошту. Алтай дагы аларга кошулуп, ар түрдүү оюндарды ойноп жатышты.



Бакчадагы жыгач үйгө топтолушуп, үй жасап, жашынмак ойноп, жиптен секирип, айтор күндө сонун оюндарды ойношчу болду. Айдай Айжазды да, башка досторун да абдан жакшы көрө баштады.

Бир күнү Айдай бакчада ойноп жатып атасын көрүп, аны достору менен тааныштырууну каалады.

– Карачы атаке, булар биздин досторубуз, – деди ал кубанып досторун көрсөтө.

– Кандай жакшы, көп досторуң бар турбайбы, – деди атасы. Айдай менен атасы бири-бирине жылмая караштты.



Айдай мурунку достору менен да тез-тез көрүшүп турду. Ичинен кубанып: **«Кандай жакшы, эми менин көп досторум бар»** деп ойлоп, өзүнчө жылмайып алды.






Достор! Силер бул китепти окуп чыктыңар, эми бир аз эс алгыңар келеби?

Келгиле анда эс алуу менен бирге шардан абдан кооз бир оюнчук жасайлы.

## Керектелүүчү каражаттар:

- Шар
- Скотчь
- Лента
- Маркер
- Шар таякчасы
- Клей
- Кайчы
- Жип

1. Шарыбызды үйлөп алабыз.
2. Үйлөнгөн шардын абасын чыгарбастан таякчаны ичине салып, шардын оозун жип менен бышык байлайбыз.





3. Лентаны узун- узун чачка окшотуп кыркып алабыз.

4. Кыркылган ленталарды бири-бирине теңеп бириктирип, скотчь менен аларды бириктирип жабыштырабыз.



5. Эми шарга чачтарын бириктирип жабыштырууга кезек келди. Бул үчүн шардын төбөсүнө клей сүртүп, даярдалган чачты жармаштырабыз.



6. Маркер менен шарга оозун, көзүн ж. б. тартабыз.

Эгер кааласаңар топу же беретка кийгизип, шарды кооздосоңор болот.

Мына, ошентип куурчагыбыз дагы даяр болду!





# АЙДАЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮ




Колуңуздагы жыйнактарда кичинекей бөбөктөрүбүз күнүмдүк жашоосунда кездеше турган кыйынчылыктардан туура жол таап чыгып кетишине үлгү болорлук көптөгөн окуялар айтылат.


Айрыкча, китептердеги сүрөттөр кичинекей балдарды да өзүнө тартуусу менен бирге, жазуулардын аз жана кооз болушу алардын кызыгуусун ого бетер арттырат деп ишенебиз.


Ал эми Айдайдын элестүү чагылдырылган окуялары биздин мектеп жашына чейинки бөбөктөрүбүздүн сезимтал, таза жана бир нерсени тез кабыл алган жан дүйнөсүнөн жай таап, жүрүм-турумунун жакшы болушуна аз да болсо өз салымын кошот деген тилектебиз.


Колуңуздардагы жыйнакты балдардын жаркын келечеги үчүн жан үрөп эмгек кылган ата-энелерге жана окутуучу-тарбиячыларга сунуштайбыз.

5 жаштан өйдө

**«Avrasya Press» сунуштайт**




avrasya Press

ISBN 978 9967453814
9789967453814-5
www.avrasyapress.com

